**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын №6 жыйынын протоколунан**

# көчүрмө

2023-жылдын, 14-январы
Төрайым–ф.и.к., доц. Р. А. Ысмаилова
Катчы- Т. Ө. Кыдырова
Катышкандар: 21
Келбегени: 1

**Күн тартиби:**
**3. Ар түрдүү маселелер:**

2023-2026-жылдарга түзүлгөн Ош мамлекеттик университетинин «Стратегиялык өнүгүү программасын» карoo жана талкуулоо.

**Угулду:**
Кафедра башчысы, ф.и.к.,доц.Р. А. Ысмаилова күн тартибиндеги маселеОш мамлекеттик университетинин«Стратегиялык өнүгүү программасын» профессордук-окутуучулук курам таанышып чыкканын жана ал боюнча окутуучулардын ой-пикирлерин айтуусун өтүндү.
**Сөзгө чыкты:**
Кафедранын улук окутуучусу А.Гаипова:Ош мамлекеттик университети жыл сайын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте уюштурулган көз карандысыз рейтингде дайыма биринчи орунда турат. Акыркы үч жылдын ичинде 20дан ашык окуу корпустары жана жатаканалар учурдун талабына ылайык курулуп, реконструкцияланды. Атап айтканда, Эл аралык медицина факультетинин окуу корпусу 2 корпустун, «Димедиус» жана «Морфология» окуу комплексинин имараты курулуп, студенттердин татыктуу билим алуусу үчүн ишке киргизилгенин баса белгилеп өттү. Университет инфраструктураны жогорку денгээлде жанылоодо, буга биз баарыбыз күбө болуп жатабыз. Заманбап окуу-усулдук кабинеттер, илимий лабораториялар студенттердин билим алуусу үчүн сонун шарттар түзүлүп жатат.
**Сөзгө чыкты:**
Кафедранын доцентиГ. Орунбаева:80 жылдык бай тажрыйба жана заманбап инновация менен ширелишкен Ош мамлекетик университети өнүгүү жолунда.ОшМУда үзгүлтүксүз билим берүүнүн универсалдуу кластери түзүлгөн. Жогорку билим берүүнүн сапатын, деңгээлин, мазмунун жана формасын дүйнөлүк стандарттарга теңөө үчүн эл аралык аккредитациянын критерийлерине ылайык тынымсыз изденүүнүн үстүндө иштер жүрүп жатат. Университетте бардык денгээлдеги адистиктер даярдалып келет. ОшМУ – дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине чыккан, сапаттуу билимге умтулган университет экенине токтолуп өттү.
**Сөзгө чыкты:**
Кыргыз тили секциясынын жетекчиси окутуучу А. Кенжебайова сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндөпрограммада камтылган планда көп тилдүүлүккө басым жасалган, бул абдан жакшы экенин жана жаштардын эне тилин жана чет тилдерин билүүсү дүйнөнү таанууга,

ар түрдүү өлкөлөрдүн тарыхый, маданий жана социалдык тажрыйбасын өздөштүрүүгөжөндөмдүү болуу мүмкүнчүлүгүн арттыруу жана ошону менен катар эле мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө да жакшы көңүл бурулса деген оюн айтты. Мамлекеттик тил боюнча да атайын пункктар каралса кыргыз тилинин өнүгүүсүнө салым болмок. Мамлекеттүүлүктүн эң башкы белгиси тарыхый, маданий мурасы экенин белгилеп тилди өнүктүрүү ар бир кыргызстандыктын милдети экендигин баса белгиледи.
Ушундай эле ой-пикирлерди кафедранын жалпы жамааты айтып өтүү менен Ош мамлекеттик университетинин«Стратегиялык өнүгүү программасын» колдоолорун айтып өтүштү.

Жогорудагы ой-пикир, сунуштарды эске алуу менен кафедранын кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. 2023-2026-жылдар үчүн түзүлгөн ОшМУнун стратегиялык өнүгүү программасын колдоо;
2. Көп тилдүүлүк менен катар эле мамлекеттик тилди өнүктүрүү үчүн да атайын пункттарды киргизүү сунушу берилсин:
   - Кыргыз тилин статусун жогорулатуу жана тилдик саясатты ишке ашыруу максатында бирдиктүү иш-аракеттер каралсын.

Кафедра башчысы: Р. А. Ысмаилова

Катчы: Т. Ө. Кыдырова